**УДК.330.59**

***Райымбаев Ч.К.***
*д.э.н., проф. Кыргызско-Узбекс. Межд. универ. им. Б.Сыдыкова, Кыргызская Республика*
***Осмонова Г.Ш.***
*асп. Кыргызско-Узбекского Межд. универ. им. Б.Сыдыкова, Кыргызская Республика*
***Мингараева Р.А.***
*преп. Кыргызско-Узбекского Межд. универ. им. Б.Сыдыкова, Кыргызская Республика*
***Жаныкулов Д.Т.***
*асп. Кыргызско-Узбекского Межд. универ. им. Б. Сыдыкова, Кыргызская Республика*

# ЖАКЫРЧЫЛЫК ТҮШҮНҮГҮНҮН КЛАССИКАЛЫК ТЕОРИЯСЫ ЖАНА МЕТОДОЛОГИЯСЫ

*Изилдөөнүн предмети катары жакырчылык түшүнүгүнүн классикалык теориясы жана методологиясы болуп саналат. Изилдөөнүн максаты жакырчылык түшүнүгүнүн классикалык теориясын жана методологиясын аныктоосу. Иш процессинде дедукция жана индукция ыкмалары, ошондой эле жакырчылыкты аныктоонун ар кандай көрсөткүчтөрү жана критерийлери колдонулган. Жакырчылыкты изилдөөнүн тарыхый этаптарына жана аны чечүүгө байланышкан көйгөйлөргө өзгөчө көңүл бурулду. Жумушта баса белгиленген маанилүү негизги түшүнүктөр абсолюттук жана салыштырмалуу жакырчылык болуп саналат. Жакырчылыктын деңгээлин аныктоо үчүн калктын жашоосунун ар кандай аспектилери, тагыраак айтканда учурдагы чыгашалар, тамак-аш керектөөлөрү жана социалдык-демографиялык курамы камтылды. Жардамга муктаж калктын категорияларын классификациялоого мүмкүндүк берген жакырчылыктын чегин колдонууга өзгөчө көңүл бурулду. Жакырчылыкты аныктоо методологиясын изилдөө, себеп-натыйжа байланыштарын жана өлкөдөгү жакырчылыкты кыскартуу жолдорун аныктоого мүмкүндүк берет.*

***Негизги сөздөр:*** *жакырчылык; жакырчылык теориясы; абсолюттук жакырчылык; салыштырмалуу жакырчылык; субъективдүү түшүнүк; жакырчылыкты тактоонун методологиясы; үй чарбасы.*

# КЛАССИЧЕСКАЯ ТЕОРИЯ И МЕТОДОЛОГИЯ ПОНЯТИЯ БЕДНОСТИ

*Предметом исследования является классическая теория и методология понятия бедности. Цель исследования- выявить классическую теорию и методологию понятия бедности. В процессе работы были использованы методы дедукции и индукции, а также различные индикаторы и критерий для определения бедности. Особое внимание уделено историческим этапам изучения бедности и проблемам, связанным с ее решением. Важными ключевыми понятиями, выделенными в работе, являются абсолютная и относительная бедность. Рассмотрены различные аспекты жизни населения, такие как текущие расходы, потребление продуктов питания и социально-демографический состав, для определения уровня бедности. Особое внимание уделяется использованию порогового значения черты бедности, которое позволяет классифицировать категории населения, нуждающиеся в помощи. Изучение методологии определения бедности позволяет выявить причинно-следственные связи и определить пути снижения бедности в стране. На основе проведенного исследования были сделаны соответствующие выводы.*

***Ключевые слова:*** *бедность; теория бедности; абсолютная бедность; относительная бедность; понятие субъективности; методология определения бедности; домохозяйство.*

# CLASSICAL THEORY AND METHODOLOGY OF THE CONCEPT OF POVERTY

*The subject of the study is the classical theory and methodology of the concept of poverty. The purpose of the study is to determine the classical theory and methodology of the concept of poverty. In the process of work, methods of deduction and induction were used, as well as various indicators and criteria for determining poverty. This article is devoted to the analysis of the methodology for determining poverty in households. The main foreign and domestic theoretical approaches to the study of the concept of poverty are considered. Special attention is paid to the historical stages of the study of poverty and the problems associated with its*

*solution. The important key concepts in the article are absolute and relative poverty. Various aspects of the population's life, such as current expenses, food consumption and socio-demographic composition, are considered to determine the level of poverty. Special attention is paid to the use of the threshold value of the poverty line, which makes it possible to classify categories of the population those in need of assistance. The study of the methodology for determining poverty makes it possible to identify cause-and-effect relationships and identify ways to reduce poverty in the country On the basis of the conducted research, the relevant conclusions were drawn.*

***Key words:*** *poverty; theory of poverty; absolute poverty; relative poverty; the concept of subjectivity; methodology for determining poverty; household.*

Жакырчылык түшүнүгүнө карата болгон көз караштардын эволюциясы, адамзаттын ой жүгүртүүсүнүн бүткүл өнүгүү тарыхы аркылуу байкалат.

Ксенофонт, Конфуций, Аристотель жана башка тарыхый ойчулдар жакырчылыктын келип чыгышынын табигыйлыгына ишенишкен жана бул көрүнүштүн коомго тийгизген терс таасирин түшүнүшкөн. Алар жакырчылыкты ресурстардын бирдей эмес бөлүштүрүлүшүнүн натыйжасы, ошондой эле терс социалдык жана экономикалык шарттардан келип чыккан социалдык көрүнүш катары карашкан. Ал эми Конфуций, Аристотель жана башка улуу философтор жакырчылык социалдык көйгөйлөргө жана адилетсиздикке алып келерин баса белгилешкен.

Алар, өз каалоолоруна жетүү үчүн жакыр адамдардын потенциалынын төмөндүгүн, сапаттуу билим ала алышпагандыгын жана коомдун өнүгүшүнө тоскоол болгон кырдаалдарды жеңип өтүү мүмкүнчүлүктөрүнүн жоктугун баса белгилешкен. Бул ойчулдар жакырчылыктын мамлекетке тийгизген терс таасирине да көңүл бурушкан. Алар белгилегендей, жакыр адамдар туруксуздуктун жана саясий жана социалдык чыр-чатактын, нааразычылыктардын булагы болуп калышы мүмкүн.

Мындан улам, алар мамлекетти жана коомду, жакырчылыкты жоюу боюнча тиешелүү чараларды көрүүгө жана коомдун бардык катмарлары үчүн адилеттүү шарттарды түзүүгө үндөштү. Алар билим берүү жана саламаттыкты сактоо мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуу, байлыкты адилеттүү бөлүштүрүү, социалдык программаларды жүргүзүү жана жакырлардын укуктарын коргоо сыяктуу ар кандай ыкмаларды жана реформаларды сунушташты. Бул ойчулдардын идеялары азыркы учурда да маанилүү бойдон калууда. Алар бизге жакырчылык менен күрөшүүнүн, социалдык теңсиздикти жоюунун жана коомдун ар бир мүчөсүнүн ар тараптуу өнүгүүсүнө шарт түзүүнүн маанилүүлүгүн эскертет.

Ал эми Ибн Халдун жана Мальтус жакырчылыкты калктын муктаждыктарын канааттандыруу үчүн керектөөлөрдүн жетишсиз өндүрүлүшү жана мүмкүн болгон керектүү ресурстарга калктын айрым категорияларынын жеткиликтүү эместигин эсептешет. Алардын оюу боюнча, калктын өсүшү өндүрүш товарларга болгон суроо-талаптын жогорулашына алып келет. Ал эми бул процесс аларды атаандаштыкка туруштук бере албаган жагдайга алып келиши мүмкүн, демек, бул өз убагында көптөгөн адамдарды жакырчылыкта калууга түртөт деп ырасташат.

Жалпысынан алганда, бул ойчулдардын көз караштары жакырчылыктын пайда болушуна жана сакталышына таасир этүүчү ар кандай факторлорду белгилейт. Алар туруктуу өнүгүүгө жетишүүнүн, өндүрүштү көбөйтүүнүн жана жакырчылыкты жеңүү жана социалдык теңсиздикти жоюу үчүн ресурстарга жетүүнүн маанилүүлүгүн белгилешет. Эгалитаризм позициясында жакырчылык - бул, товарларды теңдештирилген бөлүштүрүү аркылуу жеңүү керек болгон социалдык көрүнүш.

Жакырчылыкка каршы күрөш, бүтүндөй коомдун экономикалык жана социалдык жыргалчылыгын жакшыртууга жардам берет. Бул контекстте жакырчылык түшүнүгүнүн теориялык негиздерин изилдөө, учурдагы тенденцияларды жана ар кандай социалдык-маданий контексттерди талдоо жана бул көйгөйдү чечүү үчүн практикалык чараларды иштеп чыгуу маанилүү. Жакырчылык көйгөйүн чечүү БУУнун 2015-жылдын сентябрында кабыл алынган «Биздин дүйнөнү өзгөртүү: 2030-жылга чейин туруктуу өнүгүүнүн күн тартиби» [1] программасынын максаттарына ылайык аныкталган. Мында Кыргыз Республикасы да башка мамлекеттер менен биргеликте глобалдык максаттарга жетүү үчүн өзүнүн салымын кошуу милдетин алды.

Жакырчылык категориясын изилдөөдө салттуу түрдө экономикалык (материалдык) аспектилер баса белгиленет. Бул жерде жакырчылыктын негизги мүнөздөмөсү болуп, киреше саналат, ал адамдын финансылык абалын аныктайт жана анын коомдогу социалдык-экономикалык абалынын маанилүү элементтеринин бири болуп саналат жана ал стратификациянын жалпы көрсөткүчү катары кызмат кылат. Энциклопедиялык сөздүктө жакырчылык – бул жашоонун жол берилгис төмөн деңгээлинде чагылдырылган, учурдагы кирешелердин жана чыгашалардын көлөмү менен өлчөнгөн, төмөнкү чектик мааниси тигил же бул өлкөдө белгиленген жашоо минимумунун эң төмөнкү чегин түзгөн социалдык-экономикалык көрүнүш» деп аныктама берилет [2]. Бул аныктамага таянсак, жакырчылык өлкөдө белгиленген жашоо минимумуна көз каранды объективдүү категория болуп саналат.

Азыркы экономикалык сөздүктө жакырчылык – бул адамдын, үй-бүлөнүн, аймактын же мамлекеттин нормалдуу жашоосу жана ишмердүүлүгү үчүн мүлктүк баалуулуктардын, товарлардын жана каражаттардын жетишсиздиги [3].

Жакырчылыктын деңгээли ар кандай ыкмалар жана индикаторлор аркылуу өлчөнөт. Жакырчылыктын деңгээлин өлчөөнүн эң көп колдонулган жолдору төмөнкүлөрдү камтыйт:

1. Абсолюттук жакырчылык: бул мамиледе белгилүү бир киреше же чыгаша чеги белгиленет, андан төмөн адам же үй-бүлө абсолюттук жакыр деп эсептелет. Бул ыкманы колдонуу менен, канча адам берилген босогодон төмөн экенин, демек, абсолюттук жакыр деп эсептелгенин аныктоого болот;

2. Салыштырмалуу жакырчылык: жакырчылыктын деңгээли социалдык контекстке көз каранды болгон жакырчылыктын бир түрү. Демек, салыштырмалуу жакырчылык кирешелердин теңсиздигинин көрсөткүчү болуп саналат.

Жакырчылык көйгөйүнө карата көрсөтүлгөн ыкманын алкагында кирешеси биологиялык, физикалык минимумдан төмөн болгон үй-бүлөлөргө ар кандай төлөмдөр аркылуу аны жоюу мүмкүнчүлүгү бар. Мында бул көйгөйдү чечүүнүн реалдуулугу мамлекеттин жакырчылыкты жоюу үчүн канча каражат бөлгөнүнө жана бул физикалык минимум канчалык катуу аныкталганына жараша болот [4].

Совет доорунда мындай изилдөөлөр жүргүзүлгөн эмес, анткени жакырчылык мамлекеттик башкаруунун көйгөйү катары эсептелчү эмес жана биринчи кезекте инсандын жана үй-бүлөнүн жеке өзгөчөлүктөрү менен байланышкан. Убакыттын өтүшү менен бул көйгөй жеке эмес, коомдук көйгөй экени түшүнүктүү болду. Бирок "жакырчылык" деген термин мындай колдонулган эмес, аз камсыз болуу жөнүндө сөз болгон, анын критерийи адам башына орточо кирешенин абсолюттук өлчөмүндө мамлекет тарабынан белгиленген. 1980-жылдардан баштап гана иш менен камсыз кылуу, пенсия, ар кандай социалдык топтордун материалдык компенсациялары, эмгек акынын аздыгы боюнча көптөгөн эмгектер пайда болду, алардын авторлору бул көйгөйлөрдү жакырчылык менен байланыштырышат.

Азыркы учурда жакырчылык маселесине түз же кыйыр түрдө байланышкан 40тан ашык изилдөөлөр жүргүзүлүп диссертациялык иштер корголгонуна карабастан, Кыргызстан учун илимий изилдөө объектиси катары жакырчылык темасы абдан актуалдуу көйгөй боюнча калууда.

Азыркы илимде жана практикада жакырчылыкты баалоодо, өлчөө критерийлерин тактоодо жана аныктоодо көптөгөн методдор жана ар кандай методологиялык мамилелер колдонулуп келүүдө. Дүйнөлүк практикада жакырчылыкты аныктоо жана баалоо үчүн үч негизги түшүнүктү бөлүү адатка айланган:

- жакырчылыктын абсолюттук түшүнүгү, минималдуу керектөө бюджетин түзүү аркылуу жакырчылыктын чегин (жашоо минимуму) белгилөөнү камтыйт;
- салыштырмалуу жакырчылык, калктын айрым топторунун ресурстарынын акчалай наркынын жана бүтүндөй өлкө боюнча кирешенин орточо деңгээлинин катышынын негизинде аныкталат;
- субъективдүү түшүнүк жакырларга өздөрүн кедей деп эсептеген адамдар кирет.

Бул түшүнүктөрдүн чегинде жакырчылыкты өлчөө ар башка, бирок абсолюттук жана салыштырмалуу түшүнүктөр объективдүү мүнөздөмөлөргө ээ, тактап айтканда, керектөөнүн белгилүү схемасы түзүлөт жана анын негизинде жакырчылыкты болтурбоо үчүн минималдуу киреше аныкталат. Изилдөөнүн жүрүшүндө баса белгиленген маанилүү негизги түшүнүктөр абсолюттук жана салыштырмалуу жакырчылык болуп саналат. Жакырчылыктын бул эки түрүнүн ортосундагы айырмачылыктарды түшүнүү, алардын себептерин, пайда болуу механизмдерин жана алар менен күрөшүүнүн жолдорун так талдап чыгууга мүмкүндүк берет.

Көптөгөн өлкөлөрдө расмий жакырлардын категориясына, кирешеси жакырчылыктын чегинен төмөн болгон калктын бөлүгү кирет. Жакырчылыктын босогосун эсептөө методикасын биринчи жолу 1901-жылы англиялык экономист С.Роунтри сунуш кылган, ал жакырчылыктын чегин эң керектүү товарлардын (тамак-аш, турак-жай жана кийим-кече) минималдуу топтомунан аныктаган. Убакыттын өтүшү менен жакырчылыктын босогосу башкача аныктала баштады. Кээ бир учурларда кедейчиликтин чеги адамдын тамак – аш азыктарына болгон чыгымдары менен анын кирешесинин жалпы деңгээлинин (Энгелдин коэффициенти) ортосундагы минималдуу катыштын эсебинин негизинде аныкталса, кээ бирлеринде-алдын ала түзүлгөн зарыл болгон минималдуу жыргалчылыктардын топтомунун негизинде нарктык формада аныкталуучу, жыйынды кирешелердин минималдуу деңгээли катары аныктап келишет.

Ал эми дүйнөлүк банк жакырчылыкты баалоонун оптималдуу критерийи катары керектөөнү биринчи кезекте кандай өлчөө боюнча түшүндүрмө берет [5].

Кыргыз Республикасында жакырчылыкты аныктоонун методологиясын мамлекеттик деңгээлде изилдөө 1996-жылы үй чарбаларын түздөн-түз тандап изилдөөнүн негизинде Дүйнөлүк Банктын методологиялык жана финансылык көмөгү алдында "жакырчылыктын мониторинги" долбоорун ишке ашыруунун натыйжасында башталган. Ошондон бери жакырчылыктын деңгээлин аныктоонун методологиясын өркүндөтүү боюнча иштер жүргүзүлүп келүүдө. 2002-жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети эл аралык уюмдардын эксперттери менен бирдикте жакырчылыкты аныктоонун бир нече алгылыктуу ыкмаларын, атап айтканда, жакырчылыктын чегин аныктаган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 25–мартындагы "Жакырчылыктын чегин аныктоо методикасын бекитүү жөнүндө" № 115 сандуу токтомуна ылайык, жакырчылыктын чеги - адамдын минималдык керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн зарыл болгон, бир адамга эсептелген минималдык кирешенин чеги катары түшүндүрүлөт. Ал

эми жакырчылыктын акыркы чеги адамдын күнүнө 2100 ккал деңгээлиндеги тамактанууга минималдык керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн зарыл болгон, бир адамга эсептелген минималдык кирешенин чеги.

Бүгүнкү күндө жакырчылык дегенде биз жеке адамдын же анын үй-бүлөсүнүн тапкан кирешеси, өздүк керектөөлөрүн канааттандырууга мүмкүн болбогон кырдаалды айтып келебиз, б.а. кирешеси жашоо-тиричилик минимумунан (өкмөт тарабынан расмий белгиленген чек) төмөн болгон үй-бүлөлөр же жеке адамдар, жакырлардын категориясын түзүшөт. Экономист А. Сарыбаев "Жакырчылык асмандан келип түшпөйт, ал импорттолуп келбейт, аны өзүбүз мамлекетти башкара албай жаратабыз. Андыктан жакырчылык бир гана экономикалык эмес, саясий дагы түшүнүк десек болот" – дейт өз кайрылуусунда.

Жакырчылыктын чегин аныктоонун объектиси болуп төмөнкүлөр саналат:

- үй-чарба мүчөлөрүнүн учурдагы чыгымдары;
- тамак-аш азыктарынын күнүмдүк керектөөсү;
- үй-чарбалардын социалдык-демографиялык курамы.

Жакырчылыктын деңгээлин баалоо үчүн чектик маани катары жакырчылыктын чеги 2022-жылдагы методикага ылайык, үй-чарбаларынын бюджеттерин жана жумушчу күчүн интеграцияланган тандалма изилдөөнүн маалыматтары боюнча кайрадан эсептелген. Жалпы жакырчылыктын чеги 2022-жылы киши башына жылына 52903 сомду түзсө, өтө жакырчылыктын чеги 34916 сомду түздү [6].

Жакырчылыкты жана жакырчылыктын чегин аныктоонун методологиясын изилдөө зарылчылыгы анын негизинде өлкөдөгү жакырчылыкты азайтуунун жолдорун аныктоого мүмкүн болгон себептик – натыйжалык көрсөткүчтөрдү аныктоодо турат. Кошумчалай кетсек, жакырчылыкты өлчөө методологиясын колдонуу өкмөткө жакыр деп эсептелген жарандарды же үй чарбаларын аныктоого жардам берүү жана ага жараша социалдык кызматтарды жана саясий инструменттерди түздөн-түз жардамга муктаж болгон аудиторияга максаттуу багыттоо болуп саналат. Ошентип, Кыргызстанда жакырчылыктын чегин аныктоо методикасы 2002-жылдан бери өзгөргөн жок жана жакырчылыктын чегин аныктоо расмий статистикалык булактарда колдонулат, алар кедейчиликти жоюунун мамлекеттик программаларын иштеп чыгуу үчүн негиз болуп саналат.

Бирок, биздин көз карашыбызда, жакырчылыктын чегин аныктоонун иштелип чыккан методикасы өтө чектелген мүнөзгө ээ жана өлкөдөгү жакырчылыка комплекстүү баа бере албайт. Жакырчылыктын материалдык ошондой эле социалдык-маданий аспектилерин өлчөнүү болжолдоого тийиш.

## Жыйынтык

Азыркы коомдо "жакырчылык" түшүнүгүн изилдөө комплекстүү мамилени талап кылган татаал жана көп кырдуу маселе. Илимий жактан негизделген адилеттүүлүк принциптердин негизинде ишке ашыруусу өкмөттүк деңгээлде көңүл бурулушу шарт экендиги белгиленди.

## Адабияттар тизмеси:


1. Социология: энциклопедиялык сөздүк / мурунку Г.В. Осипова. - М.: ЛИБРОКОМ, 2009. - 35 б.
2. **Райзберг, Б.А.** Заманбап экономикалык сөздүк [Текст] / Б.А.Райзберг, Л.Ш. Лозовский, Е.Б.Стародубцева. - М.: ИНФРА-М, 2007. - 495 б.
3. **Alle, M.** Экономикадагы эффективдүүлүктүн шарттары [Текст] / M.Alle. – Москва, 1998. – 254 б.
4. **Кудуэль, А.** Измерение и анализ бедности [Текст]: сборнике материалов по ПРСП / А.Кудуэль, Дж.Хентшель, К.Уодон // Всемирный банк. - Вашингтон, округ Колумбия, 2002.

5. **Райымбаев, Ч. К.** Основные векторы преодоления бедности и повышение уровня жизни населения в регионах [Текст] / Ч. К. Райымбаев, А. Ш. Юсупов // материалы VI Межд. научно-практ. конф.- М.: ГУУ, 2021. – С. 426-430.

DOI: https://doi.org/10.54834/.vi2.399

Поступила в редакцию: 09.03.2024 г.

**УДК 338. 43 (575.2)**

***Турдубаева Г.А.***
*преп. Кыргызско-Узбекского Межд. универ. им. Б. Сыдыкова, Кыргызская Республика*
***Райымбаева А.Ч.***
*аспирант Межд. универ. им. К.Ш.Токтомаматова, Кыргызская Республика*
***Турдубай у. Э.***
*асп. Кыргызско-Узбекского Межд. универ. им. Б. Сыдыкова, Кыргызская Республика*

## ЖЕКЕ СЕКТОРДУН КЕЛЕЧЕГИ ЖАНА ПРОГРЕССИВДҮҮ ФОРМАЛАРЫ

*Бул жумушта изилдөөнүн предмети катары бул жумушта жеке сектордун келечеги жана прогрессивдүү формалары каралат. Изилдөөнүн максатына жеке сектордун келечеги жана прогрессивдүү формалары аныктоо болуп саналат. Изилдөөнүн методу- талдоо, статистика ыкмалары. Өлкөнүн экономикалык өсүшү жалпысынан ишкердиктин өнүгүшүнө түздөн-түз көз каранды. Бул чөйрөнү өнүктүрүү үчүн жагымдуу мамлекеттик саясатка, чет өлкөлүк инвестициялардын келишине жана соода ишмердигин өнүктүрүүгө олуттуу маани бериши мүмкүн. Ошондуктан бул окутууда этаптар бааланат жана сунушталат, алар Кыргызстандагы чакан жана орто бизнести өнүктүрүүгө сөзсүз түрдө жагымдуу таасирин тийгизет жана анын иштешинде ата мекендик рынокту биринчи зарылдыктагы товарлар менен камсыз кылуу зарыл экендиги белгиленди.*

***Негизги сөздөр:*** *менчик; чет элдик инвестициялар; чакан жана орто бизнес, эмгек ресурстары, чакан бизнести колдоо, прогресс.*

## ПЕРСПЕКТИВЫ И ПРОГРЕССИВНЫЕ ФОРМЫ ЧАСТНОГО СЕКТОРА

*В качестве предмета исследования данная работа рассматривает будущее и прогрессивные формы частного сектора. Цель исследования – выявить будущие и прогрессивные формы частного сектора. Метод исследования – анализ, статистические методы. Экономический рост страны в целом напрямую зависит от развития предпринимательства. Большое значение может иметь благоприятная государственная политика для развития этой сферы, прихода иностранных инвестиций и развития торговой деятельности. Поэтому в данном тренинге оцениваются и рекомендуются этапы, они обязательно окажут положительное влияние на развитие малого и среднего бизнеса в Кыргызстане, а при его работе необходимо обеспечить внутренний рынок первыми необходимыми товарами.*

***Ключевые слова****: собственность; иностранные инвестиции; малый и средний бизнес, трудовые ресурсы, поддержка малого бизнеса, прогресс.*

## PROSPECTS AND PROGRESSIVE FORMS OF THE PRIVATE SECTOR

*The role of forms of the private sector, which is crucial in the development of the state economy, is considered. Small and medium-sized enterprises play an important role, since the study of the introduction of innovations in the context of their development is beneficial, which, in turn, attracts the improvement of the socio-economic environment of the state. The economic growth of the country as a whole directly depends on business development. This can lead to a favorable government policy for the development of the sphere, an influx of foreign direct investment and significant development of trade activities. Therefore, this training will evaluate and recommend the stages that will necessarily have a beneficial impact on the development of small*